КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИ

ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТТЫК
ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ

БАЗАР-КОРГОН РАЙОНДУК
ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ

715633, Базар-Коргон айылы, Б.Осмонов к. №120
Тел. № 5-01-91
Факс № 5-02-61

МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ЖАЛАЛ-АБАДСКОЙ ОБЛАСТИ

ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
БАЗАР-КОРГОНСКОГО РАЙОНА

715633, с Базар-Коргон, ул. Б.Осмонова, 120
Тел. № 5-01-91
Факс № 5-02-61

13.11.2021 №26-6/6825

____________ №____________ катка

**Базар-Коргон районундагы аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Н.Мадумаровго**

## Б И Л Д И Р Ү Ү

2021-жылдын 12-ноябрь күнү Базар-Коргон райондук ИИБнө, 2021-жылдын 28-ноябрь күнү боло турган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңештин депутаттыгына "Ата-Журт Кыргызстан" саясий партиясынан талапкер болуп катталган Масабиров Таалайбек шайлоочулардын добушун сатып алуу максатын көздөп Базар-Коргон районунун Арстанбап айылына жер алды менен ичүү таза суу тартуу үчүн жол четин казып иш алып барып жатышканы жөнүндө (КГОР ЦИК КР) Кыргыз Республикасынын БШКнын тез чара көрүү кординациялык тобунан билдирүү келип түшкөн.

Аталган билдирүү 2021-жылдын 12-ноябрь күнү саат 17:25 мүнөттө Базар-Коргон райондук ички иштер бөлүмүнүн маалымат электрондук журналына 02-066-2021-001060 саны менен катталган.

02-066-2021-001060 саны менен катталган маалымат боюнча текшерүүгө окуя болгон жерге Базар-Коргон РИИБнүн шайлоого карата атайын буйрук менен түзүлгөн документештирүү тобу Базар-Коргон РИИБнүн жетекчилиги менен чыгып, окуя болгон жерге кароо жүргүзүлүп, окуя болгон жердин схемасы жана сүрөт таблицалары түзүлгөн.

Текшерүүдө – Арстанбап айыл өкмөтүнүн башчысы И.Чолпонов жана Арстанбап айылынын тургундары өздөрүнүн түшүнүгүндө – Арстанбап айылына мурда "Кара-Булак" аталышындагы булактан тартылып келген таза ичүү суунун басымы жана агымы аз болуп элге жетишсиз болгондуктан, Арстанбап айылынын тургундары өз демилгеси менен чоң шаркыратма алдындагы "Улук-Булак" аталышындагы булактан Арстанбап айылынын Досматов көчөсү жана "Тентек-Сай" аталашындагы сайдын чети менен тереңдиги 50-60 см. чейин узуну 500-600 м. чейинки аралыкта жерди казып ичүү таза суу тартып келүү үчүн иш жүргүзүп жатышканын. Ал эми, аталган иш чарага "Ата-Журт Кыргызстан" саясий партиясынын, "Ата-Журт Кыргызстан" саясий партиясынан Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер болуп катталган Масабиров Таалайбек Айтмаматовичтин жана башка саясий партиялар тарабынан материалдык жардам көрсөтүлбөгөнүн, иш чара Арстанбап айылынын тургундарынын өз демилгеси менен эл чогултуу (ашар) жолу менен өздөрү иштеп жатышканын көрсөтүшкөн.

Кыргыз Республикасынын ЖКнин 192-бер. "Шайлоочуларды сатып алуу" шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды төлөп берүү, же болбосо таратуу, материалдык баалуулуктарды тапшыруу же кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алууга өбөлгө түзүү жолу менен шайлоочуларды сатып алуу"-деп көрсөтүлгөн.

02-066-2021-001060 саны менен катталган маалымат боюнча текшерүүнүн жүрүшүндө Арстанбап айылындагы ичүү таза суу тартып келүү иш чарасына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына "Ата-Журт Кыргызстан" саясий партиясынан талапкер болуп катталган Масабиров Таалайбек Айтмаматовичтин жана башка саясий партиялардын катыштыгы аныкталган жок.

Жогорудагы аталган факты боюнча РИИБдин документтештирүү тобу окуянын жерине чыгып, топтолгон материалдардын негизинде кылмыштын, жоруктун же бузуулардын белгилери болбогондуктан, Базар-Коргон РИИБнүн номенклатордук китепчесине катталгандыгын билдиребиз.

Ал эми, Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө Кодексинин 45-бер. "Талапкер жөнүндө билип туруп жалган маалымат таратуу башкача айтканда, депутаттыкка же башка шайлануучу кызмат ордуна талапкер жөнүндө талапкердин ар-намысын же кадыр-баркын жаманатты кылган маалыматтарды билип туруп таратуусу 6-категориядагы айып пул салууга алып келет"-деп көрсөтүлгөн.

Андыктан, Базар-Коргон районунун Арстанбап айыл өкмөтүнүн [redacted] айылынын тургуну [redacted]-ж.т. Мамадалиев Мураджан Абамирзаевичке карата Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө Кодексинин 45-бер. негизинде чара көрүү маселесин карап, чечими боюнча Базар-Коргон РИИБнө билдирүүнү суранамын.

**Начальник**
**милициянын полковниги** — **М.С.Муратов**